Кыргыз республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.23.667 диссертациялык кеңештин эксперти, филология илимдеринин доктору, профессор Курманбек Абакировдун 10.01.09 - фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Бекболотов Акынбек Улашбековичтин "Манас" үчилтигиндеги элдик ынаным-ишенимдер, ырым-жырымдар жана алардын идеялык-көркөмдүк функциясы"** деген темадагы кандидаттык диссертациясына

КОРУТУНДУ

Эксперт изденүүчү Бекболотов Акынбек тарабынан даярдалган "Манас" үчилтигиндеги элдик ынаным-ишенимдер, ырым-жырымдар жана алардын идеялык-көркөмдүк функциясы" деген темадагы кандидаттык диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши:**

- сунуш кылынган диссертациялык иш диссертациялык кеңештин профилине туура келет;
- изилдөөнүн мазмуну жана илимий-теориялык багыты 10.01.09 - фольклористика адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү маселелер каралгандыгын тастыктап турат;
- диссертацияда "Манас" үчилтигинин классикалык варианттарында чагылдырылган элдик ынаным-ишенимдер менен ырым-жырымдардын идеялык-көркөмдүк функциясы алгач ирет системалуу жана ар тараптуу талдоодон өткөрүлөт;
- эмгекте эпостогу элдик ынаным-ишенимдер менен ырым-жырымдардын көркөм-эпикалык баяндын структурасында ээлеген орду, алардын мааниси жана каражаттары ыраатту иликтенип, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылат;
- диссертация тандалып алынган теманын талаптарына ылайык туура пландаштырылып, ар бир бөлүм анын жалпы табиятын ачып берүүгө баш ийдирилген.



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 70/04-8
« 17 » 03 20 25 г.

**2. Иштин максаты катары** эпостун негизги варианттарында кездешкен элдик ынаным-ишенимдерден улам келип чыккан ырым-жөрөлгөлөрдү анда сүрөттөлгөн турмуштук жагдайларга байланыштуу иргеп, топтоштуруу аркылуу алардын изилдениш тарыхына сереп салып, алардагы жалпылыктар менен өзгөчөлүктөрдү айгинелөө, эпостун жалпы контекстинде алардын аткарган көркөмдүк, идеялык функцияларын айкындоо маселелери чыгат.

**Коюлган максат** диссертацияда төмөнкүдөй бир катар олуттуу милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Ынаным-ишенимдер менен алардын практикалык реализациясы болуп эсептелген ырым-жырымдардын (жөрөлгөлөрдүн) элдик табиятына көңүл буруп, фольклордук жанр катары алардын теориялык проблемаларын, кыргыз фольклористикасында алардын изилдениш абалын айкындоо;
2. Классикалык варианттар (С.Орозбаков жана С.Каралаев) менен бирге айрым негизги варианттарга да назар салып, элдик ынаным-ишенимдер менен ырым-жөрөлгөлөрдү чагылдыруудагы жалпылыктар менен айырмалуу учурларды аныктоо;
3. Коюлган илимий маселени текши жана терең иликтеп, чечмелөөдө гениалдуу манасчылар С. Орозбаков менен С.Каралаевге тиешелүү классикалык варианттарды гана таяныч тутуу;
4. Аталган классикалык варианттардагы ынаным-ишенимдер менен ырым-жөрөлгөлөрдү алар чагылдырган турмуштук окуялар менен көрүнүштөрдүн мүнөзүнө жараша түр-топторго ажыратып, алардын көркөм жана реалдуу негиздерин, генезисин (диний, таза турмуштук-практикалык, кыялый ж.б.) айкындоо аракетин көрүү:

- ушундан улам баланын төрөлүп-өсүшүнө байланыштуу элдик ынаным-ишенимдерге негизделген ырым-жөрөлгөлөрдүн инсандын кийинки тагдыры, өмүрү үчүн кандай мааниге ээ боло тургандыгын б.а., чыгармадагы алардын көркөм философиясын ачып берүү:

5. Баатырларды акыретке узатууга байланыштуу ынаным-ишенимдердин, ырым-жырымдардын идеялык-көркөмдүк функциясын, б.а., мындагы нукура элдик дүйнөтаанымдык көз караштын табиятын "Манас" эпосунун мисалында ачып берүү.
6. Эпостун үч бөлүмүндөгү аталган маселелерге барып такалган сюжеттик тарамдарга, деталдарга жана мотивдерге анализ берүү.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо**: диссертант фольклордук-этнографиялык материалдардын негизиндеги ырым-жөрөлгөлөрдүн изилдениш тарыхын иштин көлөмдүк чектелүүсүнө жараша кыска, бирок таасын сыпаттоодон баштап, темага тикелей тиешелүү көркөм-эпикалык материалдарды чаташтырбай, ырааттуу талдай алган. Б.Солтоноев, С.Малов, С.Абрамзон, Дж.Баялиева, И.Молдобаев, А.Акматалиев, А.Мурзакметов сындуу таза этнографтардын эмгектеринен тарта В.Радлов, К.Рахматуллин, Т.Саманчин, А.Тайгүрөңов, С.Мусаев, Ж.Таштемиров, С.Закиров, Б.Юнусалиев, Р.Кыдырбаева, М.Мамыров, Р.Сарыпбеков, Э. Абдылдаев, Б.Кебекова, Т.Танаев, К.Ибраимов, Г.Орозова, З.Кулбаракова (ж.б.) өңдүү соңку фольклористтердин ушул багыттагы изилдөөлөрү диссертациянын изилдөө обьектиси болуп түшкөн. Аталган жанрларды классификациялоо тарыхы да көңүл сыртында калган эмес. Бул жагынан алганда диссертациянын изилдөө обьектиси анын максат жана милдеттерине толук шайкеш келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториянын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:** диссертант "Манас" эпосунун классикалык тексттериндеги көөнө жана соңку элдик ынаным-ишенимдердин, ырым-жөрөлгөлөрдүн көркөм-эпикалык функциясын айкындоо үчүн бир гана вариант менен чектелбестен, бир нече варианттарды салыштырма-типологиялык ыкмада иликтөө жүргүзгөн. Проблематикалык-тематикалык жана салыштырма-типологиялык талдоолор аркылуу ал алардын өзгөчөлүктөрүн жана эпоско зор чеберчилик менен синтезделген мүнөзүн ынанымдуу далилдей алган. Ушундай жол менен диссертант эпосто элдик ынаным-ишенимдер менен ырым-жөрөлгөлөр жөндөн-жөн эле орун албастан, чыгарманын өзөктүү идеяларын тереңдетип, кеңири форматта ачып берүүгө баш ийдирилген маанилүү элементтер экендигин далилдей алган. Ушул максаттагы талдоолор диссертациялык иштин максатттары менен милдеттерине толугу менен дал келип, артыкбаш жана керексиз материалдар менен сыпаттоолордон арылтылган. Мунун өзү диссертация илимий-теориялык жактан кыйла жогору иштелгендигин айгинелеп турат.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:** Кыргыз фольклористикасында аткаруу актысына байланыштуу этнография менен тикелей жана кыйыр байланышы бар бир катар чакан же майда деп эсептелген жанрлар бар. Алардын жоон тобунун адабий-фольклористикалык табияты алиге толук такталбай, түркүн көз караштардын обьектиси болуп келе жатат. Маселен, элдик каада-салт, үрп-адат, ырым-жырым деген түшүнүктөр маанилеш болуп эсептелеби же ар башка көрүнүштөрдү чагылдырабы деген соболдун так жообу жок. Кантсе да булардын бир даары көркөм, уйкаш сөз тизмектери же чакан поэтикалык мүнөздөгү тексттер менен коштолуп, фольклордук чыгарма катары каралып келгендиги да маалым. Бирок булардын да жанрдык өзгөчөлүктөрү толук тактала элек. Алардын өзүнчө чыгарма катары каралган учуру менен эпикалык чыгармалардын курамына кирген учурун эске алганда деле ушундай абал сакталып келет. Мына ушул жагдайды эске алганда деле А.Бекболотовдун диссертациялык эмгеги зор кызыкчылык жаратып, актуалдуу мүнөз ала турганы айгине. Албетте, аталган маселелер анын изилдөө обьектисине толук кире бербеси түшүнүктүү. Ошентсе да диссертант каралган проблемага тикелей тиешелүү учурларга назар салып, кыскача өздүк көз карашын билдирүүгө мажбур болгон.

Тикелей "Манас" эпосу боюнча элдик ынаным-ишенимдер менен ырым-жөрөлгөлөрдүн көркөм табияты жана семантикасы тууралуу айрым эмгектерде учкай гана кеп болуп, алар кеңири жана системалуу иликтене элек болчу. Ушунун өзү эле А.Бекболотовдун эмгеги канчалык актуалдуу экендигин айгинелеп турат. Аталган түшүнүктөрдүн эпостогу орду канчалык деген маселе түпкүлүгүндө чыгарманын турмуштук негиздүүлүгү канчалык, ал жомоктук чыгармабы же тикелей эл турмушу, анын тарыхы, тутунган дүйнөтаанымы тууралуу чыгармабы деген маселени күн тартибине коет, б.а., анын жанрдык табиятын айкындоочу, маанилүү мотив-элементтердин бири болуп калат. Диссертацияда "ушул маселе чечилди" деп ачык айтылбаганы менен иш жүзүндө ушул өтө актуалдуу проблема тууралуу сөз болот.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:** Айтылгандай, А.Бекболотовдун диссертациясы белгилүү деңгээлде интердисциплинардык мүнөз алып жүрөт, б.а., анда элдик каада-салтка же

этнографияга да, фольклорго да кирүүчү түшүнүк-көрүнүштөр илимий иликтөөгө алынат. Муну жакшы түшүнгөн диссертант бул экөөнө тең тиешелүү бир далай илимий эмгектерди иликтеп, алардагы көз караштарды эске алган, айрымдары жөнүндө жеке оюн да айта кеткен. Тема катары алынган фольклордук чыгармаларды классификациялоонун тарыхы так жана ырааттуу берилип, мунун өзү бул чаташ маселенин тек-жайын түшүнүү үчүн автор далай илимий эмгектерди иликтеп чыккандыгын билдирет. Муну менен бирге А.Бекболотов "Манас" эпосунун классикалык варианттарын, ириде С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттарын талыкпай, кылдат окуп, темага тиешелүү эпизод, деталь, мотивдерди, сюжеттик тарамдарды таап чыгып, аларды талдоо, илимий сыпаттоо иштерине ылайыгы менен колдоно алган. Бул да өтө маанилүү, негизги иштердин бири экендигин белгилей кетүү зарыл.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө өтө актуалдуу жана зарылчылыгы эбак бышып жетилген, керектүү эмгек деген жыйынтык чыгарууга болот.

3. **Илимий натыйжалар**

А.Бекболотовдун диссертациялык иликтөөсүндө учурдагы кыргыз фольклористикасынын өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ болуучу төмөндөгүдөй илимий негиздүү жана жаңы теориялык наыйжалар алынган:

- "Манас" үчилтигиндеги архаикалык болсо да азыркы учурга дейре эл ичинде жашоосун улантып, колдонуудан чыкпай келе жаткан элдик ынаным-ишенимдер системасы диссертацияда кеңири иликтөөгө алынган;
- изилдөөнүн обьектиси катары анын классикалык варианттары менен бирге зарыл жана жөндүү учурларда айрым кенже эпостор жана түрк-монгол элдеринин бир катар эпикалык чыгармаларындагы мисалдар иргелип, топторго ажыратылып алынган;
- изилдөөдө элдик ынаным-ишенимдер жана алар менен ажырагыс түрдө бириккен ырым-жөрөлгөлөр эпосто табыгий мүнөздө орун алып, анын көркөм-семантикалык, сюжеттик-композициялык структурасына органикалык түрдө сиңирилгендиги, чыгарманын бүтүндөй өзөктүү идеялары үчүн алардын мааниси ченемсиз экендиги ишенимдүү мисалдар менен далилденген;
- элдик ынаным-ишенимдер жана ырым-жөрөлгөлөр элдин кылымдар бою калыптанган салттуу маданиятынын олуттуу көрүнүшү экендиги "Манас" үчилтигинин мисалында илимий тастыктоодон өткөрүлгөн;

- эпостогу аталган көрүнүш-түшүнүктөрдүн оозеки чыгармачылыктагы жанрдык-тематикалык өзгөчөлүктөрү айкындалган.

3.1. Алынган натыйжалардын азыркы илимдин алкагында илимий жаңылыгы барбы, болсо ал эмнелерден турат (илимий ачылыш, жаңы идея, гипотеза, диагностиканын жана дарылоонун жаңы методу, проблеманын жаңыча берилиши ж.б.):

- изилдөөнүн илимий жаңылыгы кыргыз фольклористикасында алгач ирет элдик ынаным-ишенимдер менен ырым-жөрөлгөлөрдүн "Манас" үчилтигиндеги идеялык-көркөмдүк милдеттерин системалуу жана терең талданып, иликтенишинде жатат.

3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө (материалды жыйноо ыкмалары жана илимий жыйынтыктарды аргументтөө:

- диссертант темага тиешелүү этнографиялык жана фольклористикалык илимий эмгектер менен кеңири таанышып чыгып, эң негизгиси - эпостун классикалык варианттарындагы үлгүлөрдү топтоп, дифференциациялоо иштерин жеткилең жүргүзүүгө жетишкен. Бул анын изилдөөгө канчалык олуттуу мамиле жасагандыгын айгинелеп турат.

3.3. Иштин теориялык мааниси (жаңы теория же колдонуудагы илимий теорияны же концепцияны байытуу):

- "Манас" үчилтигиндеги элдик ынаным-ишенимдер менен ырым-жөрөлгөлөрдүн көркөм-функционалдык мааниси, орду жана өзгөчөлүктөрү кыргыз фольклористикасында буга чейин иштелип чыккан чектелүү теориялык ой-жорумдар менен талдоолорду таяныч тутуу аркылуу жүзөгө ашырылып, бирок изденүүчү тарабынан алар жаңы деңгээлге көтөрүлгөн, ыраатка келтирилип, системаланган, б.а., алар байытылган дешке толук негиз бар. Иште башкаларды кайталабаган өздүк көз караштар жетиштүү. Эмгек кыйла концептуалдуу мүнөзгө ээ.

3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши:

- Изилдөө толугу менен 10.01.09 - фольлористика адистигинин алкагында аткарылып, анын квалификациялык белгилерине толугу менен дал келет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

- изилдөө кыргыз фольклористикасы, анын ичинде манастаануу илими үчүн талапка жараша кошулган салым болуп эсептеле;

- эмгек кыргыз эпостаануучулары үчүн пайдалуу илимий булак катары кызмат өтөй алат;

- изилдөөнүн материалдарын, талдоолору менен менен тыянактарын кыргыз фольклору менен эпосторуна кызыккан адистер, магистранттар, аспиранттар жана мугалимдер, студенттер иштиктүү пайдалана алышат.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулду:**

1.“Манас” эпосунда элдик ишенимердин жана ырым-жырымдардын колдонулушу жана максаты. Маданият аралык байланыштар жана компаравистика. Атайын чыгарылыш. – 2014-жыл. – 237-244-беттер. – УДК 930.85. – ББК 60.55. – М 13

2.«“Манас” эпосундагы ырымдалып коюлган адам аттары». Тил, адабият жана искуство маселелери. Атайын чыгарылыш. – 2014. – 197-203-беттер. ISBN 1694-6316

3.“Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшүндөгү кездешкен элдик ишенимдер жана ырым жырымдар.(С. Орозбаков, С. Каралаев, Ш. Рысмендеев, Ш. Азизовдун варианттарында). “ALATOO ACADEMIC STUDIES” – №2. – 2015. – 70-75-беттер. ISSN 169-5263

4.“Манас” эпосундагы акыретке узатуу ырымдары. “Манастан чыңгыз айтматовго карай проблемалар жана көз караштар”. – 2016 – 102-107-беттер. ISBN 1694-6316

5.“Манас” баатырдын төрөлүшүндө кезиккен ырымдар жана ишенимдер. (Саякбай Каралаевдин варианты боюнча) “ALATOO ACADEMIC STUDIES” – №3. – 2016. – 170-176-беттер. ISSN: 1694-5263

6.“Манас” баатырдын төрөлүшүндө кезиккен ырымдар. (Ш. Азизов, Ш. Рысмендиев, С. Каралаев). макала Ч. Айтматов окуулары. – 2016. – 399-404-беттер. УДК 821.51. – ББК 84 Ки 7-5. – А 85

7.«Манас» эпосундагы акыретке узатуу ырым-жырымары жана ынаным ишенимдери. Alatoo Academic Studies. – 2023. - №3. – 213-225-беттер. ISSN: 1694-5263 (печатная версия) ISSN: 1694-7916 (электронная версия) IF-0,421 (5 жылдык)

8.Народные поверья и обряды в свадебной традиции кыргызов и алтайцев. Международный журнал гуманитарных и естественных наук. - № 9-2 (84). – 2023. – 7-11-стр. ISSN 2500-1000 (print) ISSN 2500-1086 (online) IF-0,274.

9.Ритуалы, связынные с родами в эпосе “Манас”. Международный журнал гуманитарных и естественных наук. 2024.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна жана анда коюлган изилдөөнүн максат, милдеттерине дал келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр**: диссертацияда анын мазмунуна, максатына дал келбеген олуттуу кемчиликтер байкалбайт. Бирок коюлган проблеманын теориялык жагдайларына тиешелүү айрым учурларды белгилей кетүү зарыл:

- эмгекте колдонулган өзөктүү элдик ынаным-ишенимдер жана ырым-жөрөлгөлөр деген эки термин бар. Автор булардын тек-жайын кыйла жеткилең айкындап берүү аракетин көргөн. Ошентсе да булардын айырма-өзгөчөлүктөрү биротоло айкындалбай калган сыяктанат. Менимче, ынаным-ишеним турмуштук ар кандай шарт-кырдаалдардагы аракеттер тууралуу элдин аң-сезиминде узак мезгилдер аралыгында отурукташып, калыптанып калган түшүнүктөр болсо, ырым-жөрөлгөлөр (ырым-жырымдар деп да айтыла берет), аларды кыймыл-аракет жана көркөм сөзгө жуурулуштуруп, жүзөгө ашыруу актылары болуп эсептелет. Диссертацияда буга кенен назар салынганы менен аягына чыгарылбай калган өңдүү.

**7. Сунуштар:** Диссертациянын кеңейтилген, б.а., кыскартылбаган жана айтылган сын-пикирлерди, сунуштарды эске алуу менен толукталган вариантын өзүнчө монография иретинде жарыкка чыгаруу керек.

**8. Сунуштамалар:** Диссертациялык кеңештин эксперти бул кандидаттык ишке **жетектөөчү уюм** катары 10.01.09 - фольклористика адистиги боюнча илимий кадрлары бар Ош мамлекеттик университетинин филология жана маданият аралык байланыш институтунун кыргыз адабияты кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.

**Биринчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын көптөгөн бараандуу эмгектери бар: Кыргыздын этикалык жана этнопедагогикалык асылнарктары. – Бишкек, 2019. – 350 б.; «Манас» эпосунун педагогикасы. – Бишкек, 2021. – 370 б.; Улуу "Манас" эпосунун руханий, идеялык-даанышмандык, адептик-ыймандык жана жарандык-патриоттук нарктары. - Бишкек, Алтын принт – 2022. – 345 б.; Манастаануу: ЖОЖдор үчүн окуу китеби. – Бишкек, 2022. – 496 б.; Улутубуздун уңгулуу нарктары. – Бишкек,.2023. – 380 б.; Айкөл Манастын адеп-ахлак кодекси. Улуттун рухий-маданий жашоосунун уңгулары: Окуу китеби. - Б.: 2018. - 141 б.; филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз эл жазуучусу **Байгазиев Советбек Обозкановичти** сунуш кылат.

**Экинчи оппонент катары** изилдөөнүн проблемасына жана обьектисине үндөш эмгектери бар: Кыргыздардын үйлөнүү салтындагы “Кыз оюну” драмалык-театралдык этномаданиятынын кубулушу катары [Текст] // Вестник Кыргызского государственного университета строительства, транспорта и архитектуры им.Н.Исанова. -2020. -№1(67); Отражение морально-нравственных проблем в эпосе “Манас” [Текст] // Вестник Российской Федерации зарубежных стран. -2020. -№25(103); Проблема психологизма в эпосе “Манас” [Текст] // Вестник Российской Федерации зарубежных стран . -2020. -№23(101); Тотемические свойства животных в эпосе “Манас” [Текст] // Вестник Российской Федерации зарубежных стран. -2021. -№9 (112); “Манас” эпосундагы зооморфтук тотемизм. // Н.Жумашова. // Эл аралык симпозиум. Турция. 2021; Роль монологов в эпосе “Семетей”. [Текст] // “Бюллетень науки и практики” Т.8. №12 декабрь, 2022; Психологические раздумья в поисках по Кокотею. [Текст] // Заметки ученого: №1, 2022; М.Токобаевдин “Кайгылуу Какей” пьесасындагы элдик оозеки чыгармачылыгы драмалык салттары [Текст] //Вестник Кыргызского государственного университета строительства, транспорта и архитектуры им.Н.Исанова. -2023. -№2 (66) - филология илимдеринин кандидаты **Жумашова Назира Асанкадыровнаны** сунушталат.

9. **Корутунду:** Диссертант Акынбек Бекболотовдун кандидаттык диссертациясында "Манас" үчилтигиндеги элдик ынаным-ишенимдер менен ырым-жөрөлгөлөрдүн тарыхий-теориялык жана прикладдык маселелери классикалык варианттардын негизинде ар тараптуу жана кыйла терең иликтенген. Эмгек толугу менен өз алдынча изденүү менен жазылгандыгы жана бул мүнөздөгү изилдөөлөрдүн бирин да кайталабай тургандыгы талашсыз. Илимий аппаратынын байлыгы жана илимий-теориялык деңгээлинин бийиктиги менен да диссертация адистерди кайдыгер калтырбайт. Аны азыркы кыргыз фольклористикасы менен манастаануугa кошулган алгылыктуу салым деп деп эсептөөгө болот.

**Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университеттерине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн

түзүлгөн Д. 10.23.667 диссертациялык кеңешине 10.01.09 - фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Акынбек Бекболотовдун "Манас" үчилтигиндеги элдик ынаным-ишенимдер, ырым-жырымдар жана алардын идеялык-көркөмдүк функциясы"** деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуштайт.

**Эксперт, филология илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору** **К.Абакиров**

Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын

**Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин Окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**